**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**БАКАЙ-АТА РАЙОНУ**
**КҮМҮШТАК**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**КУМУШТАКСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 22-майы №14** **Боо-Терек айылы**

**Күмүштак айыл аймагына караштуу айыл чарба багытындагы жерлернне, айыл чарба мамлекеттик фондусунун (АЧЖМФ) жерлерине жана башка багыттагы жерлерине аукцион өткорүү боюнча комиссия курамына өзгортүү киргизүү жонүндо**

Айыл өкмөтүнө караштуу айыл чарба багытындагы жерлерин, айыл чарба мамлекеттик фондусунун (АЧЖМФ) жерлерин жана башка багыттагы жерлерин ижарага берүү үчүн аукцион өткөрүү боюнча 2025-жылдын 4-апрелиндеги №2 токтомуна өзгөртүү киргизүү керектиги жөнүндө маселени карап чыгып талкуулап Күмүштак айылдык кенешинин депутаттарынын VIII сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Айыл өкмөтүнө караштуу айыл чарба багытындагы жерлерине, айыл чарба мамлекеттик фондусунун (АЧЖМФ) жерлерине жана башка багыттагы жерлерине аукцион өткөрүү боюнча комиссия төмөндөгү курамда бекитилсин:
   - Ж.Качыбекова - Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысынын милдетин аткаруучусу;
   - М.Эсенаманов - Күмүштак айылдык кеңешинин депутаты;
   - Ш.Сопубеков - Күмүштак айылдык кеңешинин депутаты;
   - Б.Супатаев - Күмүштак айылдык кеңешинин депутаты;
   - Б.Абдрахманов - Күмүштак айылдык кеңешинин депутаты;
   - Х. Шаршеналиев - Боо-Терек айылынын тургуну;
   - Бакай-Ата райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын өкүлү;
2. Айыл өкмөтүнө караштуу айыл чарба багытындагы жерлерине жана айыл чарба мамлекеттик фондусунун (АЧЖМФ) жерлерине аукцион өткөрүү боюнча комиссиянын катчысы болуп айыл өкмөтүнүн кызматкери А.Алымкулова дайындалсын.
3. Айыл өкмөтүнүн жерге жайгаштыруу жана айыл чарба маселери боюнча башкы адиси А.Тойчубеков айыл өкмөтүнө караштуу айыл чарба багытындагы жерлерине жана айыл чарба мамлекеттик фондусунун (АЧЖМФ) жерлерине аукцион өткөрүү боюнча аукциончу болуп дайындалсын.
4. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.Акматов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 22-майы №15** **Боо-Терек айылы**

**Күмүштак айыл аймагынын 2026-2027-2028-жылдарга карата жергиликтүү бюджетинин болжолдуу долбоорун кароо жөнүндө**

Күмүштак айыл аймагынын 2026-2027-2028-жылдарга карата жергиликтүү бюджетинин болжолдуу долбоорун угуп, карап чыгып талкуулап Күмүштак айылдык кеңешинин VIII сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Күмүштак айыл аймагынын 2026-2027-2028-жылдарга карата жергиликтүү бюджетинин болжолдуу долбоору жактырылсын.

2. Долбоордогу 2026-жылга карата киреше бөлүгү 34218,4 миң сом ал эми салыктык кирешелер 13346,4 миң сом салыктык эмес кирешелер 14130,5миң сом, тендештирүү трансферттер 6741,5 миң сом деп белгиленсин.

3. Долбоордогу 2027-жылга карата киреше бөлүгү 34437,1 миң сом ал эми салыктык кирешелер 13565,1 миң сом, салыктык эмес кирешелер 14130,5 миң сом, тендештирүү трансферттер 6741,5 миң сом деп белгиленсин.

4. Долбоордогу 2028-жылга карата киреше бөлүгү 34660,4 миң сом ал эми салыктык кирешелер 13788,4 миң сом, салыктык эмес кирешелер 14130,5 миң сом, тендештирүү трансферттер 6741,5 миң сом деп белгиленсин.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кумүштак айыл өкмөтүнүн башчысы З.Надырбаевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.Акматов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 22-майы №16** **Боо-Терек айылы**

**Бакай-Ата өнүктүрүү фондусунан Күмүштак айыл аймагына караштуу ичүүчү таза суунун башкы курулмаларын оңдоого жана Ак-Тайлак жаңы конушун ичүүчү суу менен камсыздоо үчүн бөлүнүп берилген акча каражатты "Мекенчил" бала бакчасынын имаратын жасалгалоо иштерине жылдырып берүү жөнүндө**

Бакай-Ата өнүктүрүү фондусунан Күмүштак айыл аймагына караштуу ичүүчү таза суунун башкы курулмаларын оңдоого жана Ак-Тайлак жаңы конушун ичүүчү суу менен камсыздоо үчүн бөлүнүп берилген акча каражатты "Мекенчил" бала бакчасына жылдырып берүү жөнүндө маселени угуп, карап чыгып талкуулап Күмүштак айылдык кеңешинин VIII сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Бакай-Ата өнүктүрүү фондусунан Күмүштак айыл аймагына караштуу ичүүчү таза суунун башкы курулмаларын оңдоого бөлүнүп берилген 2 500 447 (эки миллион беш жүз миң төрт жүз кырк жети) сом акча каражаты Күмүштак айыл аймагындагы "Мекенчил" бала бакчасынын ички жана тышкы жасалгалоо иштерине жылдырылып берилсин.
2. Бакай-Ата өнүктүрүү фондусунан Ак-Тайлак жаңы конушун ичүүчү суу менен камсыздоо үчүн бөлүнүп берилген 1 680 500 (бир миллион алты жүз сексен миң беш жүз) сом акча каражаты Күмүштак айыл аймагындагы "Мекенчил" бала бакчасынын ички жана тышкы жасалгалоо иштерине жылдырылып берилсин.
3. Жалпы наркы 4 180 947 (төрт миллион бир жүз сексен миң тогуз жүз кырк жети) сом акча каражатына Бакай-Ата өнүктүрүү фондусуна долбоор жазылсын.
4. Долбоорго тиешелүү иш кагаздары даярдалып, Бакай-Ата өнүктүрүү фондусуна жөнөтүлсүн.
5. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысына жүктөлсүн.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага** **Б.Акматов**